# Ким болгуң келет?



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Елена Кисенкова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Ким болгуң келет?

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Кем ты хочешь быть?*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Ким болгуң келет?" (кыргыз тилинде), кыргыз тилине Талгат Деркембаев тарабынан которулган, автор Ирина Молчанова, сүрөтчү Елена Кисенкова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Асел менен Улан паркта сейилдеп жүрүшкөн.



– Улан, сен ким болгуң келет? – деп кыз сурады.

– Кичине күтүп турсаң, ойлонойун.



– Таптым, мен космонавт болом! – деп сүйүнгөн Улан ракетанын макетин жогору көтөрдү. – Ой, жок, анан космосто жоголуп кетсем эмне болот?




– Тах, тах! Мен милиционер болом, – деп оюнчук тапанчасы менен эки-жакты аткылады. – Ой, жок! Кылмышкерлер мени жарадар кылышсачы?




– Бим, бери кел! Мен жаныбарларды эле дарылайм, – деп күчүгүн кучактады. – Жок, ай, анда мени бирөө тиштеп алсачы, – деп Улан сөзүнөн кайра айныды.




– Мен атамдай ишкер болом, – деп бала сүйүнүп кетти. – Жок, ай! Анда иштерим абдан көп болуп калат экен, – деди.



– Космонавт космосто укмуш ачылыштарды жасайт. Бул аябай сонун да! – деп Асел Уланды карап жылмайды.



– Милиционер болсо ар дайым жардамга келет. Бул да аябай маанилүү кесип эмеспи!



– Ишкер көп адамдарды жумуш менен камсыз кылат.



– Ал эми жаныбарлар ар дайым жардамга муктаж. Алар биздин эң жакын досторубуз да.



– Татаал болгону менен, ар бир кесип маанилүү!



– А мен балерина болгум келет, – деп Асел ордунан чимирилип бийлеп койду.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли